# ЭКСПЕРТТИК КОРУТУНДУ
## (кесипкөй пикир)

## «Элдик Банк» ААКсынын 2023-календардык жыл үчүн парник газдарын инвентаризациялоо отчету боюнча
## Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Москва көчөсү, 80/1

«SSDC» ЖШС верификациялоо боюнча органы тарабынан төмөнкү стандарттын талаптарына ылайык верификацияланган:

ISO 14064-3-2019

Парник газдарынын протоколуна (GHG Protocol) ылайык келүүгө

Тастыктоо олуттуулуктун деңгээлин аныктабастан, тастыктоонун чектелген деңгээлинин негизинде ишке ашырылган

| Парник газдарынын чыгындыларынын түрлөрү | Тонна CO2e |
|---|---|
| Түз чыгындылар (Scope 1) | |
| Парник газдарынын чыгындылары | 5090.50 |
| Кыйыр чыгындылар (Scope 2) | |
| Парник газдарынын чыгындылары | 4112,42 |
| Кыйыр эмиссиялар (Scope 3) | |
| Парник газдарынын чыгындылары | 501,55 |
| Жалпы ПГ чыгындылары | |
| Парник газдарынын чыгындылары | 476,53 |

Кол тамга: Дата: 20.12.2024

Жангазак А.
«SSDC» ЖШС атынан жетектөөчү верификатор /кол тамга/
Кол тамга:
Максут А.
«SSDC» ЖШС директор /кол тамга/ /мөөр/
Каттоо номуру: SSDC-0196-ПМ
Бул корутунду тиркеме болуп саналган 2-4-беттердеги Тастыктоо жөнүндө билдирүүнүн толук сүрөттөмөсү жок жараксыз.

**«Элдик Банк» ААК үчүн**
**эксперттик корутунду**

**Келишим шарттары**

Бул Тастыктоо жөнүндө корутунду «Элдик Банк» ААК үчүн даярдалган.
"SSDC" ЖЧШ компаниясына 2023-жылга парник газдарынын чыгындылары тууралуу отчетун текшерүүгө ыйгарым укук берилген. Отчет мыйзам талаптарына ылайык «Элдик Банк» ААКсынын парник газдарынын сандык аныктоосун камтыйт, атап айтканда:

- Парник газдарынын чыгындылары жөнгө салуу жагында Кыргыз Республикасынын Экологиялык кодекси;
- Кыргыз Республикасынын 2007-жылдын 25-майындагы №71 «Парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу жагындагы мамлекеттик жөнгө салуу жана саясат жөнүндө» мыйзамы;
- Парник газдары боюнча протоколу (GHG Protocol)

Парник газдарынын чыгындылары боюнча отчет түз чыгындыларды (Scope 1) камтыйт (түздөн-түз объекттерде жайгашкан жабдууларда күйүүчү майдын күйүүсүнөн, ошондой эле өндүрүштүк же тиричилик жабдууларынан чыккан парник газдарынын чыгындыларынан (мисалы, стационардык кондициялоо системаларынан муздаткыч агенттин агып чыгышы), ээлик кылган мобилдик булактардан чыккан парник газдарынын чыгындылары, кыйыр эмиссиялар (Scope 2) (электр жана жылуулук энергиясын керектөөдөн) жана кыйыр чыгындылар (Scope 3) (кызматкерлердин кызматтык иш сапарларынан жана алардын үйдөн кеңсесине баруусунан, калдыктарды көмүүдөн жана өрттөгөндөн, ичүүчү сууну, кагазды керектөөдөн.). «Элдик Банк» ААКсынын парник газдарынын чыгындылары боюнча отчетту даярдоодо операциялык көзөмөлгө негизделген ыкма колдонулган.

**Жетекчиликтин жоопкерчилиги**

**«Элдик Банк» ААК жетекчилиги** парник газдарынын чыгындылары боюнча отчетту даярдоого жана маалыматтарды жана берилиштер топтомун чогултууга тиешелүү контролду жүзөгө ашырууга жооптуу. «Элдик Банк» ААК менен түзүлгөн келишимдин шарттарына ылайык парник газдарынын чыгындыларына тастыктоо берүү «SSDC» ЖЧШнын милдети болгон. Парник газдарынын чыгындылары боюнча отчет «Элдик Банк» ААК жетекчилиги тарабынан бекитилген жана анын менчиги болуп саналат.

**"SSDC" ЖЧШсынын верификация болгон мамилеси**

"SSDC" ЖЧШсынын верификациясы ISO14064-3-2019 "Парник газдарына карата пикирлерди текшерүү жана валидациялоо боюнча талаптар жана көрсөтмөлөр" принциптерине жана талаптарына ылайык, Парник газдарынын Протоколунун (GHG Protocol) талаптарына жана экологиялык талаптарга ылайык даярдалган парник газдарынын чыгындыларынын отчетунда жана парник газдарынын чыгындыларын жөнгө салуу боюнча мыйзамда берилген маалыматтардын "чектелген тастыктоо деңгээли" менен жүргүзүлгөн. 2023-жылга парник газдарынын чыгындылары боюнча отчетту текшерүү боюнча корутундуну түзүү үчүн иштин төмөнкү түрлөрү тандалып алынган:

- Отчеттук документтердин аудитин жүргүзүү жана парник газынын чыгындыларынын маалыматтарын башкарууга байланышкан процесстерине сереп салуу;
- Парник газдарынын чыгындыларынын маалыматтарын башкаруу үчүн жоопту негизги персоналдын интервьюлары;
- 2023 календардык жыл үчүн түз жана кыйыр парник газдарынын чыгындыларына тиешелүү тарыхый маалыматтарды карап чыгуу.

**Тастыктоо деңгээли жана олуттуулук деңгээли**
Эксперттик корутунду олуттуулуктун деңгээлин аныктабастан, «чектелген тастыктоо деңгээлинин» негизинде түзүлгөн.

**«SSDC» ЖЧШ корутундусу:**
«SSDC» ЖЧШсынын мамилесинин негизинде парник газдарынын чыгындылары боюнча отчетто 2023-календардык жыл үчүн түз жана кыйыр парник газдарынын чыгындыларынын жалпы көлөмү туура эсептелген жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына жана Парник газдарынын протоколу (GHG Protocol) талаптарына ылайык түзүлгөн.

Кол тамга: Дата: 20.12.2024

Жангазак А.
«SSDC» ЖШС атынан жетектөөчү верификатор /кол тамга/

Кол тамга: Дата: 20.12.2024

Максут А.
«SSDC» ЖШС директор /кол тамга/
Каттоо номуру: SSDC-0196-ПМ

Таблица 1. 2023-жылы парник газдары боюнча отчётто билдирилген жалпы чыгындылар саны

| | $CO_2$, тонна | $CH_4$, тонна | $N_2O$, тонна | HFC, тонна | Бардык ПГ чыгындылары, т$CO_2$ экв. |
|---|---|---|---|---|---|
| **Түз ПГ чыгындылары (Scope 1)** | **1360,77** | **1,29** | **0,052** | **1,41** | **4112,42** |
| Стационардык күйүүчү майдын күйүүсү | 778,56 | 1,26 | 0,007 | | 815,71 |
| Мобилдик күйүүчү майдын күйүүсү | 582,21 | 0,03 | 0,045 | | 594,98 |
| Аба кондициялоо | | | | 1,41 | 2701,73 |
| **Кыйыр энергетикалык ПГ чыгындылары (Scope 2)** | **501,55** | **0** | **0** | **0** | **501,55** |
| Электр энергиясын керектөө | 315,25 | | | | 315,25 |
| Жылуулук керектөө | 186,30 | | | | 186,30 |
| **ПГ кыйыр чыгындылары (Scope 3)** | **469,83** | **0,03** | **0,224** | **0** | **476,53** |
| Категория 1: кеңсе кагаздарын колдонуу менен байланышкан кыйыр парник газдарынын чыгындылары | 80,50 | | | | 80,50 |
| Категория 1: Бөтөлкөдөгү сууну ичүү менен байланышкан кыйыр парник газдарынын чыгындылары | 10,39 | | | | 10,39 |
| Категория 5: Үчүнчү тараптын калдыктарын көмүү менен байланышкан кыйыр парник газдарынын чыгындылары | 0,46 | | | | 0,46 |
| Категория 5: Үчүнчү тараптын калдыктарын өрттөөгө байланыштуу кыйыр парник газдарынын чыгындылары | 12,31 | | 0,000456 | | 12,43 |
| Категория 6: Кызматкерлердин иш сапарларына байланыштуу кыйыр парник газдарынын чыгындылары | 86,48 | | | | 86,48 |
| Категория 7: Кызматкердин үйүнөн кеңсесине баруусуна байланыштуу кыйыр парник газдарынын чыгындылары | 279,69 | 0,03 | 0,022 | | 286,27 |
| **Жалпы ПГ чыгындылары (scope 1+ scope 2+ scope 3)** | **2332,15** | **1,32** | **0,27** | **1,41** | **5090,50** |

**2023-жылы көмүртек изи төмөнкүнү түздү:**
**(i) 5090,50 т CO2-экв / 2055 = 2,477 тCO2-экв/кызматкер (ii) 5090,50 т CO2-экв/ 21 854,36 $м^2$ = 0,233 тCO2-экв/$м^2$**